**2018-2019-окуу жылында өткөрүлгөн 5-11-класстарынын жалпы ата-энелер чогулушунун №2 протоколу**

**№87 орто мектеби** **9.10.2018**

Катышты:

- 861 ата-эне
- «Алгыр Куш» коомдук бирикмесинин төрайымы, мүчөлөрү
- 5-11-класстарынын класс жетекчилери
- Мектеп администрациясы

**Күн тартибинде каралуучу маселеле:**

1. 2017-2018-окуу жылындагы окуу тарбия процессинин анализи
2. Автоматтык каттоо жана катышуунун анализи боюнча жабдууларды пайдалануунун натыйжасы
3. Окуучулардын мектепке келип, кетүүсүндөгү жана транспорттогу коопсуздугу
4. «Алгыр Куш» коомдук бирикмесинин 1-жылдык отчету жана өздүк курамына өзгөртүү толуктоолорду киргизүү.
5. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

1-маселе боюнча мектеп директору Исанова Ж.М сөзү:

№87 орто мектебинде 2017-2018-окуу жылында 58 класс комплект түзүлүп, жыл башында 2000 окуучуну түзсө, жыл аягында 1982 окуучу аяктады, педагогикалык кызматкерлердин көрсөткүчү:
Жогорку билимдүү-75 мугалим
Бүтпөгөн жогорку -1 мугалим
Атайын орто-9 мугалим
Жалпы-85 мугалим эмгектенди
Предметтерди өз адистиги боюнча мугалимдер окутушуп, билим сапатын жогорулатууга өз салымдарын кошушту жана төмөндөгүдөй жетишкендиктерге ээ боло алдык:

Райондук жана шаардык масштабдагы конкурстарга катышууда:

1. «Ыйык Ата-Журт» коомдук жаштар фонду тарабынан 8-класстар арасында уюштурулган жигитке 70 өнөр аздык кылат атуу конкурста 2-орунга ээ болдук
2. Республикалык «Карек» балдар жана өспүрүмдөр кино фестивалында «Ак жолундан адашпа» тасмасы үчүн Бекназаров Жакшылык 2-даражадагы диплом менен сыйланды.
3. Бишкек шаарынын 140-жылдыгына арналган эң мыкты видео куттуктоо конкурсунда 1-орунга ээ болуп, интерактивдүү доска утуп алдык
4. «Ыйык Ата Журту» коомдук жаштар уюму тарабынан «Интеллектуал мырза» аттуу конкурста 11-класстын окуучуларынан түзүлгөн команда 1-орунга татыды.
5. «Мен Кыргызстандык экениме сыймыктанам» аймак аралык конкурстун алкагында «хореография» номинациясы боюнча 7-г класстын окуучусу Камалдин кызы Атыргул 3-орунга ээ болду.
6. Ч.Айтматовдун 90-жылдыгына карата өткөрүлгөн «Президент сүйлөйт» интеллектуалдык таймашында 11-б окуучусу Бекназаров Жакшылык баш байгеге ээ болду.
7. 24-декабрь «Манас» күнүнө карата «Жаш манасчы» кароо сынагында 7-б класстын окуучусу Рахатбек уулу Арзуубек 3-орунга ээ болду.

Райондук предметтик олимпиадада:

3-орунга 8 окуучу, 2-орунга 4-окуучу, 1-орунга 3окуучу ээ болушту.

**Кичи олимпиадаларда:**

- Кыргыз экономикалык Университети өткөргөн экономиялык олимпиадада 10-а класстын окуучусу Садирова Нуриза 3-орунга

- КМЮА өткөргөн Кыргызстандын тарых боюнча олимпиадада 10-а класстын окуучусу бекболсун уулу Кайрат 3-орунга ээ болду.

Санк-Петербургда өткөрүлгөн «Алыс Паруса» бүтүрүүчүлөрдүн майрамына Бекназаров Жакшылык катышып келди.

Ошондой эле Казак Республикасынын Туркстан шаарында өткөрүлгөн «Түрк дүйнөсү Түркстандын тарыхы» аттуу эл аралык конференцияда «Кыргыстан-диний туризмдин очогу» деген темадагы макаласы 3-орунга ээ болду. Мектеп лигасы «спортакиадада» спорттун 13 түрү боюнча байгелүү орундарга ээ болуп, район боюнча 2-орунга чыктык.

Окуучуларга төмөнкүдөй социалдык колдоо көрсөтүлдү:
-«Аль-Сабур» мечити тарабынан 30 окуучуга мектеп формасы, 30-окуучуга бут кийим берилди.
-Сауд Аравия падышачылыгынын каржылоосунда «мектептин аймагын жашылдандыруу жана көрктөндүрүү» багытындагы долбоор Ихсан-Хария кайрымдуулук фонду тарабынан ишке ашып, мектептин короосуна бүргүлөө жолу менен суу чыгарылды, эн жогорку балл -195 түздү.
Билим берүүдө жана мектептин ишмердүүлүгүг улантууда материалдык-техникалык жактан колдоо көрсөтүп келгенинииздерге ыраазычылык билдирем. Ошондой эле ата-энелердин окуучуларды окутуп-тарбиялоодо төмөкчү жардамдашууга чакыргым келет.
-окуучунун сүйлөө речин өстүрүү жана кругозорун кенейтүү максатында көркөм адабий окуу китептерин көбүрөөк окууга көмөктөшүүгө
-билим алуусуна зарыл болгон шарттарды түзүүгө,
-Окуучунун таанып билүүсүн жакшыртуу максатында түрдүү окутуучу курстарга катышуусун камсыздоого,
-Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө, окуучулардын катышуусун үзгүлтүккө учуратпоого,
-Жеке интеллектик өсүүсүнө гигиенасына жана саламаттыгына озгөчө көнул буруууга чакырам.
9-11-класстардын окуучуларынын ата-энелерине эскертүү:
-баланын фамилиясын өзгөртүү тартиби январь айына чейин гана өзортүлөт, январь айынан кийин фамилия өзгөртүү иши аткарылбайт,
-9-классытын бүтүрүүчүлөрү кесипке багыт берүүчү иш-чараларга катышып, кесиптик окуу жайлар боюнча алдын ала таанышып, тандоо жүргүзө берсениздер болот.
Окуу жылынын аягында 9-класстын ата-энелеринен тандоонун жыйынтыгы боюнча 10-класстарды комплектөө жүргүзүлөт.
**Жарыш сөзгө чыккан ата-эне Нарботоева Саадат:**

Окуучу-тарбия иштерини аткарылышын угуп отуруп, өзгөчө жалпы республикалык тестирлөөдө эн жогорку баллга токтогум келип турат.
Демек, балдарыбыздын алган билимдерининн жыйынтыктары алардын кийинки келечектеринин ачкычтарына көпүрө болуп, мектепте тактыктуу билим берилип жатат деп айта алам. Көпчүлүк окуучулар жакшы баллдарга ээ болушуптур, буга кубаннубуз керек, дагы да шыктандырышыбыз керек, мугалимдер жааматына рахмат.
2-маселе. Автоматтык катоо жана катышуунун анализи боюнча жабдууларды пайдалануунун натыйжасы.

«өлкөнүн келечеги» коомдук фондунун «Жеткиликтүү мектеп» долбоору Билим берүү жана Илим министирлигинде талкууланып, аны ишке ашыруу максатында, БУУнун Балдар фондусуна (ЮНИСЕФке) сунушталган

«Жеткиликтүү мектеп» долбоору техникалык программалык камсыздоону талап кылгандыктан, control.kg жеке ишмерлери менен биргелешип, ЮНИСЕФтин каржылоосу астында биздин мектепке автоматтык катоо жана катышуунун анализи боюнча жабдуулар2015-2016-окуу жылында орнотулган. 3 жылдык тажрыйбага таянуу менен автоматтык катоонун педагогикалык кызматкерлерге, мектеп администрациясына, ата-энелерге баланын коопсуздугун коргоодо жана билим алуусунда салымы зор экендигин мугалимдер жамаатынан билдирем. Автоматтык катоо аркылуу ата-эне менен педагогтун ортосундагы байланыш бекемделди, электрондук смс кабарлоонун жыйынтыгы менен баланын коопсуздугун коргогн ата-эненин саны арбыды. Мектепте катышуунун көрсөткүчү стабилдүү өсүп, билим сапатын туруктуу сакталуусуна жана өсүүсүнө түрткү берди. Сырттан келген бейтааныш жарандардын мектепке кирүү мүмкүнчүлүгү чектелип, мектеп турмушунда катышуунун эсеби жолго салынды. Окуучуларда өздүк карточканын болуусу кандайдыр бир денгээлде өзгөчөлөнгөн абройду орнотту.

Автоматтык катоо жана катышуунун анализин чыгарууда программалык камсыздалышка бир топ өзгөрүүлөр киргизилди.

**Жарыш сөзгө чыккан ата-эне Жумагулова Нуржан**

Улам заман өнүккөн сайын бизди курчап турга чөйрө да өзгөрүүгө тийиш, кандай техникалык жабдык блбосун, балдарыбыз пайдалануу жолдорун өздоштүрсө, өз келечектерине кошкон салымдары болот. Балким дагы 20-30-жылдан кийин мындан да татаал автоматташтырылган техникалар менен иштеп калышары мүмкүн. Андыктан катышуунун аналин чыгарууда турникеттин ата-энелер берген пайдасы өз балдарынын мектепке келбей калган күндөрүн кабарлоосунда экен. Баланын мектепке кетип, бирок “келген жок” деген кабарлоону укканда өзгөчө тынчсызданбай кое албайсы, ошол себептен класс жетекчилер менен мурдагыдан да көбүрөөк иштеген ата-энелердин саны өстү болуш керек. Биз жалпы ата-энелер жамааты бул системаны колдойбуз. Эн эле башкысы баланын коопсуздугун коргоп, келип, кетүүсү боюнча да далидүү фактыны чыгарып берет экен.

**Жарыш сөзгө чыккан ата-эне Беркебаева Дархан:**

Окуучулардын келип кетүүсүн автоматтык түрдө каттап, келбей калса смс кабарлоо жиберүү тартибин акыркы 3 жылда көнө түштүк. Ата-энелерге

кайрылып кетет элем:балдарыбыздын коопсуздугун ойлоп, жеке эле биз эсем коомдук бирикмелер да ушул тартипти сунуштап, кол кабыш кылып жаткандан кийин алардын жасап берген эмгектерин текебердикке калтырбастан андан ары да өркүндөтүп кетиш өзүбүздүн колубузда жана смс кабарлоого бир айга 20-сомдон төлөнүүчү акыны чын дилибизден каржылап берсек. Көнүл бургандарыныызга рахмат.

3-маселе окуучулардын мектепке келип кетүүсүндөгү жана транспорттогу коопсуздугу.

Мындан 4 жыл мурун ата-энелер менен биргелешкен 2 тараптуу келишим түзүлгөнү эсинерде болуш керек. Ошол келишимде баланын коопсуздугу мектепке келип кетүүсүндөгү жоопкер инсандар туурасында так жазылган. Акыркы жылдары көпчүлүк ата-энелер балдардын келип кетүүсүнө өзгөчө көнүл бөлбөйт. Учурда Ак_жан конушунан 640-окуучу 130-маршруткага батып, батпайт келип кетип жатыша. Былтыркы окуу жылында ушул маселени чечүү максатындаСвредлов райондук акимчилигинин уруксаты менен автобус уюштурулуп берилген. Автобустун билетин көпчүлүк ата-энелер сатып бербей койгондон кийин автобус каттабай калды. Акыркы 2жылдан бери Ак-Бата, Ак-Жар,Тендик ж.б конуштардан келген ата-энелер сиздерге эскертип келе келе жатам, балдардын келип кетүүсүнө өзгөчө көнүл бургула. Ансыз деле өлкө ичинде автокырсыктар катталып жатат. Кырсык каш кабактын ортосунда дегендей уюшкандыкта сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, транспорт маселесин өз ара чечишип алуунуздарды сунуштайм жана сурайм.

**4-маселе “Алгыр Куш” коомдук бирикмесинин төрайымы Шамуратова Гулмиранын сөзү:**

№87 орто мектебинде ата-энелердин демилгеси менен түзүлгөн “Алгыр Куш” коомдук бирикмеси 2017-2018-окуу жылында да өз ишин ийгиликтүү аткарды. Өз ыктыяры менен мүчөлүккө катталган ата-энелердин саны 1967 тузүп, окуу жылы ичинде турмуш шартына байланыштуу башка мекетпке которулган 97 ата-эне мүчөлүктөн чыгарылса, 79 ата-эне мүчөлүккө катталды.2017-2018-окуу жылында социалдык абалына жана турмуш-шартынын оордугуна байланыштуу 391 ата-энеге 100% 126 ата-энеге, 50% жана 138 ата-эне түзөт. Кызматына гана акы төлөө туурасында женилдиктер берилди. Жыл ичинде “Алгыр Куш” ккомдук бирикмесине 1400242 сом келип түштү. 2016-2017-окуу жылындагы 42750 касса калды. Жалпы эсеп1442992 сомду түздү. Аталган суммасы сарамжалдуу пайдалануу менен бирге максаттуу сарптоодо төмөндөгүдөй категорияларга бөлүндү:

-кенсе буюмдарына 76617 сом газета, журналдарга жазылууга10348 сом97 тыйын

-чарба буюмдарына 9194674 сом эмеректерге жана терезе жапкычтарга 94183сом

-интерактивдүү доскага 303827 сом

-компьютердик тейлөө жана тетиктерге 58292 сом88 тыйын

-көркөм рекламалык камсыздоого 35845 сом

-спорт инвентарларына 6050 сом

-көзгө көрүнбөгөн чыгымдар 2936 сом

-кызмат көрсөтүү акысына 1085 сом

-социалдык фонд жана киреше салыгына 53756 сом 43 тыйын

-айлык акыга 100318 сом

-күзөт кызматына 54000 сомсарпталды. Жалпы жыл ичинде 1441933 сом 23 тыйын жогорудагы керектөөлөргө жумшалып, көзөмөлдөө кенешинин мүчөлөрүнүн катышуусунда жүргүзүлдү. Банктын эсебинде 1059 сом 98 тыйын бар.

“Алгыр Куш” коомдук бирикмесинин көзөмөлдөө кенешинин мүчөсү болуп Искаков Исламбек, Ылыйева Дамира, Жумагулов Жаныбектер эмгектеништи. Ар бир айда юридикалык дарек бонча келечек 3-28 үйдө жолугушуу өткөрүлүп, камсыздоо жана каржылоо иштери туурасында анализ жүргүзүлүп турду. Ата-энелердин демилгеси менен топтолгон төлөмдөр жыл бою мектепте күн-түнү коргоо кызматына алып, материалдык техникалык базасын чыңдоого, окуучулардын заманбап билим алуусуна зарыл шарттарды уюштурууга, мугалимдерди методикалык окуу китептери менен камсыздоого жана санитардык гигиеналык сабактардын сакталуусуна зор салым кошо алды.

**5-маселе: Ар түрдүү маселелер**

Мектепке бирдиктүү форманы сактоо максатында окуучулар мекетеп кабыл алган форманы кийип келүүгө тийиш. Окуу жылынын башталышында форма кийүү жана сырт келбетин тыкандоо. Тартибин өзгөчө көзөмөлгө алуу керек. Айрым окуучулар жаш өзгөчөлүгүнө туура келбеген мектептин талабына жооп бербеген кийимдерди кийип келүүдө. Ата-энелерди мектеп талап кылган кийимди кийгизүүнү таоап кылабыз.өзгөчө кымбат баалуу кийимдер, алтын сөйкө, шакектер, уюлдук телефондорду сатып берүүдө кылдат болушсун. Мектеп кымбат баалуу буюмдарга жоопкерчилигин албайт. Ошондой эле тартип бузуу,

адепсиз иш-аракеттерди жасоо, бейбаштык тууралуу,үйдөн түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр. Жамаатташып урушу боюнча ар бир бала менен жекече, класстык дагы сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө, сиздер дагы ар бир балаңыздар менен өзгөчө көңүл буруп, сүйлөшүп түшүндүрүңүздөр.

**Чогулуш жогорудагы маалыматтарды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды.**

1 2017-2018-окуу жылындагы №87 орто мектебинин ишмердүүлүгүн “канааттандырарлык” деп табылып, билим сапатын көтөрүүдө көмөкчү жардам катары ата-энелер окуучулардын кошумча курстарга жана сабактарга катышуусун камсыздашсын,

2. автоматтык катоо жана катышуунун анализин чыгарууда программалык камсыздалышына жана смс кабарлоо акысы ата-энелер тараптан каржылансын.

3. окутуучу техникалык түзүлүштөрдү оңдоп, туралоо жана башкаруу кызматы үчүн кошумча акы “Алгыр Куш” коомдук бирикмесинен бөлүнүп берилсин.

4. “Алгыр Куш” коомдук бирикмесинин 2017-2018-окуу жылындагы жүргүзгөн иши “канаатандырарлык” деп табылсын.

5. Оторбаева Анара “Алгыр Куш” коомдук бирикмесинин көзөмөлдөө кеңешинин мүчөсү болуп кабыл алансын.

6.Фамилиясын өзгөртө турган окуучулардын документтери 2018-жылдын декабарь айына чейин өзгөртүлүп кабыл алынсын.

7.окуучуклардын тартиби,тазалыгы,мектепке келип кетүүсү жана жолдо жүрүү коопсуздугу ата-энелерге милдеттендирилсин.

Мектеп директору Исанова Ж.М

Ата энелер комитетинин төрайымы Шамуратова Г.А

Катчы: Кыдыбаева К.А